**ВОПРОСЫ КОМПЛЕКСНОГО ПРЕПОДАВАНИЯ НАЦИОНАЛЬНЫХ ЦЕННОСТЕЙ ДЛЯ СТУДЕНТОВ-МЕДИКОВ**

**Токушева Т.С., к.фил.н., доцент**
**Международный медицинский факультет Учреждения "СУ", Бишкек**

**Аннотация.** *У каждого народа есть свои ценности, которые сохраняются из поколения в поколение, от отца к сыну, с молоком матери, песней колыбели и словами отца, а также драгоценными генеалогиями. Ценности делятся на духовные и материальные.В статье будут рассмотрены некоторые особенности преподавания национальных ценностей студентам-медикам.*

**Ключевые слова:** *национальные ценности, ценности, народная педагогика, обучение.*

**ISSUES OF INTEGRATED TEACHING OF NATIONAL VALUES FOR MEDICAL STUDENTS**

**Tokuseva T.S. c.phil.s.,associate professor of the Department of Humanitarian Disciplines of the institution "Salymbekov University"**

**Annotation.***Each nation has its own values, which are preserved from generation to generation, from father to son, with mother's milk, the song of the cradle and the words of the father, as well as precious genealogies. Values are divided into spiritual and material. The Kyrgyz people have many ancient values. The article will consider some of the features of teaching national values to medical students.*

**Key words:** *national values, values, folk pedagogy, teaching.*

**Киришүү.** «Баалуулук – адам жана коом үчүн айлана-чөйрөдөгү объектинин (жаратылыш жана коомдук турмуштун кубулуштарында кездешүүчү жыргал, жакшылык жана кара санатайлык, сылыктык жана оройлук, сулуулук жана көрксүздүк ж.б.) оң же терс маанисин ачуучу өзгөчө социалдык аныктама [1]». Белгилүү окумуштуу Н.О. Лосский белгилегендей, «баалуулук деген бүткүл дүйнөнүн да, ар бир инсандын да, ар бир окуянын да, ар бир иш аракеттин да маани-маңызын аныктаган, баарына сүңгүүчү нерсе[2]». Чындыгында баалуулук личност катары калыптанган ар бир адамда же колективдүү топтордо да болушу мүмкүн. Байыртадан бул мурас, муундар ортосундагы ынтымакты, биримдикти чыңдоого чоң өбөлгө түзгөн. Элдик педагогиканын жетишкендиктеринин бири баалууктарды кийинки муунга өткөрүп берүүдө ар кандай усул, ыкмаларды иштеп чыгып, аларды практикада колдонгондуктары.

Баалуулуктар турмуш чындыгын тартипке салышат, аны тура түшүнүүгө баалоо принциптери аркылуу жооп берет. Алар идеал, каалоо, ченемдүүлүк, кыялдануунун чеги сыяктуу түшүнүктөргө шайкеш келет. Көрүнүктүү америкалык окумуштуу Р.Б. Перри «биз жашаган дүйнө аңсезимсиз күчтөр менен гана кыймылга келбейт, көбүнчө дүйнөнү адамзаттык баалуулуктар кыймылдатат жана планетаны сактоо деген түпкүрүндө бийигирээк баалуулуктар үчүн күрөш дегенди билдирет» деген жообону негиздеген [3]».

Тиби жана деңгээли боюнча баалуулуктардын ар кандай классификациясы бар. Алар көп маанилүүккө ээ болсо да ар тараптан изилденип филасофия илиминде иликтөөгө алынып келет. Шарттуу тартиптештирилген классификациясы төмөнкүдөй.

**Виталдык:** өмүр, ден соолук, денелүүлүк, коопсуздук, байгерчилик, адамдын абалы (токтук, тынчтык, сергектик), күч, чыдамкайлык, жашоо сапаты, табият чөйрөсү (экологиялык баалуулуктар), практикалуулук, керектөө ж.б.у.с. **Социалдык:** социалдык абал, эмгекчилдик, байлык, иш, үй-бүлө, биримдик, патриотизм, чыдамдуулук, дисциплина, тапкычтык, тобокелге ынтаалуулук, социалдык теңдик, жыныстардын теңдиги, ийгиликтерге жөндөмдүүлүк, жеке көз карандысыздык, профессионализм, коом турмушуна активдүү катышуу, өткөнгө же келечекке багытталгандык, экстралокалдык же жердешчилдик багытталгандык, керектөө деңгээли.

**Саясий:** сөз эркиндиги, жарандык эркиндиктер, жакшы башкаруучу, мыйзамдуулук, тартип, конституция, жарандык тынчтык.

**Моралдык:** жакшылык, жыргалчылык, сүйүү, достук, милдет, намыс, чынчылдык, кеңпейилдик, тартиптүүлүк, ишенимдүүлүк, өз ара жардам, адилеттүүлүк, улууларды сыйлоо жана балдарды сүйүү.

**Диний:** Кудай, кудайлык мыйзам, ишеним, кутулуу, кут, ритуал, Ыйык жазуу

**Эстетикалык:** сулуулук (же, тескерисинче, ажарсыздык эстетикасы), стиль, гармония, салтты ээрчүү же жаңылык, маданий өзүнчөлүктүүлүк же тууроо. Көрсөтүлгөн категориялар боюнча бөлүштүрүү шарттуу экенин жана бир эле баалуулуктар түрдүү сфераларда кабыл алынышы мүмкүн экенин эске алып, алардын айрымдарын кыйла кенен карайбыз».

Элдердин маданий баалуулуктарын, адамзаттын жетишкендиктеринин жалпыланган өңүтүн аңдап билүү – азыркы замандын элдеринин аң-сезимдүүлүгүн аныктоого жардам берет. Э. Геллнер өз сөзүндө “Эки адамдын бир улутка таандык экендиги алардын жүрүм-турумунун, баарлашуу жолдорунун шартталган белгилерин, байланыштарын, ой жүгүртүүлөрүн бириктирген бир маданият болгон учурда гана билинет” – деп айткан [4].

Ал эми интеграциялап окутуу –бул баланын инсандык сапатын өнүктүрүүгө жана өзүн-өзү өнүктүрүүгө багытталган дүйнөгө бирдиктүү көз карашты калыптандыруу максатында белгилүү бир билим берүү тутумунун алкагындагы мазмундун түзүмдүк компоненттеринин ортосундагы байланышты орнотуу процесси экендигин эске алуу керек.

Мында окутуучунун милдети – интеграциялык окутуу аркылуу окутуунун берилген билимдин сапатын жана башка предметтер менен байланышту жогорулатууга умтулуу. Жогорку окуу жайларда көпчүлүк студенттер ар башка предметтик багыттардын биримдиги принципке ылайык жүрөт жана материал бир предметтик дисциплинанын мазмуну менен гана окутулат. Ошондуктан, студенттер сабак учурунда дүйнөнү бирдиктүү түшүнүүсү калыптанбайт жана алар предметтик билим чөйрөсүнөн чыга албай калышат.

Ошондой эле, кыргыз элинин салтуу музыкасы деген теманы интеграциялап окутуу ыкмасын пайдаланса болот. Ошондой эле, музыканын таасири астында суунун молекулярдык кристаллдарынын өзгөрүшү тууралуу маалыматтар менен кошо алгач теориялык маселелер берилсе, андан соң дарылоонун элдик ыкмасы болгон музыка менен дарылоо боюнча маалыматтарды белсе болот.

Кыргыз эл музыкасы элдин маданиятын, дүйнөгө көз карашын, турмуш-тиричилигин, тарыхын, этностук жана эстетикалык идеяларын чагылдыруучу баа жеткис мурас. Анын тамыры байыркы замандардан башталат. Кыргыз музыкасы жөнүндөгү алгачкы жазуу маалыматтары бир катар адабияттарда кездешет. Кытайдын белгилүү дин кызматкери жана саясатчысы Сюан-Цзан 630-ж. азыркы кыргыз жеринде болуп, жергиликтүү эл жөнүндө: «Мени тосуп алууга арналган той кулакка жагымдуу, жүрөк менен көңүлдүү эргиткен лирикалык күү менен башталды», деп белгилеген [4].

Ыр бир үн менен аткарылып, аспаптык музыкада комуздун жана кыл кыяктын эки кылынын жардамы менен эки-үч добуштуу үндөштүк жаралган. Эл музыканы жаттап алуу жолу менен бири-биринен үйрөнүшкөн. Ошондуктан тигил же бул музыкалык чыгарманы аткарган адам аткаруучу гана эмес, ошол күүнүн жаңы вариантын жаратуучу да болуп калган. Ыр-күүлөрдүн мындайча таралышы элдин музыкалык ан-сезиминин өзгөчө бир түрдө калыптанышын жана өнүгүшүн шарттаган. Кыргыздын музыкалык өнөрүн комузда, кыякта (кыл кыяк), темир (жана жыгач) комузда, чоордо, сыбызгыда ж. б. аспаптарда ойноп, күү чыгарган өнөрпоздор байытышкан. Салттык кыргыз күүлөрүнүн ичинен «Камбаркан», «Кет Бука», «Ботой», «Кербез», «Шыңгырама» сыяктуу кылым карыткан күүлөрү бүгүнкү күнгө чейин жеткен. Кыргыз күүлөрүндө элдин турмушундагы орчундуу окуялар, жашоо-турмушту, дүйнөгө болгон көз караштарды чагылдырган философиялык ой толгоолор камтылган.

Музыка адамдын психологиясына күчтүү таасир этүү жондөмүнө ээ. Ал нерв системасын тынчтандырат же болбосо дүүлүктүрүп, активдештирет. Вокалотерапия музыкатерапиянын бир бөлүгү. Ал депресивдүү, эгоцентричтүү( өзүмчүл) балдарга арналган. Вокалотерапияда өзгөчө

орун элдик чыгармаларга арналат, андан сырткары шандуу, таасир берүүчү ырларды да колдонушат. Окуумуштулардын изилдөөсү боюнча Моцарттын чыгармалары математика жана шахматка болгон жөндөмдүүлүктү жогорулатат. Моцарттын музыкалары жан дүйнөнү тынчтандырып адамдын өзүнө өзү сүңгүп кирүүсүнө жардам берет.

Моцарттын музыкалары адамга эстетикалык жактан эле таасир бербестен ден соолугуна да жакшы таасир берет. Бул өзгөчөлүк «Моцарттын эффекти» деп аталат. Эгер Моцарттын музыкаларын уксак биз жан дүйнөбүздү гана дарылабастан организмибизди да дарылайбыз[5].

**Корутунду:** Окутуудагы интеграциялоонун артыкчылыгы – тар маалыматтуу адисти эмес, дүйнөнү ар тараптан тааныган социалдык жана кесиптик чөйрөдө активдүү иш алып барган кесипкөй, чыгармачыл адамды тарбиялай алабыз.

## АДАБИЯТТАР:


1. Лосский Н.О. Ценность и бытие., - М., 1994, 251-б.
2. Перри Р.Б. Царство ценностей. - М., 1954, 18-б.
3. Жантаев А.С. Философиядагы “баалуулук” категориясы жана анын мааниси//http://science-journal.kg/
4. Абдуллина О.А. Общепедагогическая подготовка учителя в системе высшего педагогического образования. – Москва, Просвещение, 1990. 58-б.
5. Лобанова К.А. Целебные свойство музыки В.А.Моцартта “Эффект Моцарта” // Издательство Молодой ученный., - Казань, 2019, 88-б.


**РЕЦЕНЗЕНТ:**

фил.и.к., доцент Искендерова Ш.А., И. Арабаев атындагы КМУ